**" Ынагым "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Карымов Айбек Үсөнович

Жаштыктын жалыны,нур чачып жарыгы,

Нур чачып алыстан, сүйүү айылы.

Өзүңө кабылгам, махабат айлынан

Чырмады сүйүүнүн тору жайылган.

Тагдыр тапкан,жанга жаккан

Асылкечим өмүр кечкен, өзүң болдуң бакыт жолдун бакчасына сүйүү эккен.

Тагдыр тапкан жанга жаккан, асылкечим өмүр кечкен

Өзүң болдуң бакыт жолдун,

Бакчасына сүйүү гүл эккен.

Сыйкырдуу көзүңө арбалдым өзүңө,

Көлкүлдөп эридим арзуу сөзүңө.

Кош карек жайнаган нур чачып айланам,

Жалындуу демиңе жипсиз байланам.

Тагдыр тапкан,жанга жаккан

Асылкечим өмүр кечкен, өзүң болдуң бакыт жолдун бакчасына сүйүү эккен.

Тагдыр тапкан жанга жаккан, асылкечим өмүр кечкен

Өзүң болдуң бакыт жолдун,

Бакчасына сүйүү гүл эккен.

Көргөзгөн сезимди оодарган эсимди,

Эргиймин эстесем ошол кезимди

Күн болуп ачылган нур болуп чачылган

Бир келген бактыма сенсиң асылжан.

Тагдыр тапкан жанга жаккан, асылкечим өмүр кечкен

Өзүң болдуң бакыт жолдун,

Бакчасына сүйүү гүл эккен.